ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 347.97/.99(575.2) DOI: 10.35803/1694-5298.2021.3.417-422

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**ЫМАНБЕКОВА Н.Ы.**
[1] Кыргыз-Түрк «Манас» университети, коомдук илимдер институту,
Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызско-Турецкий университет «Манас», институт социальных наук,
Бишкек, Кыргызская Республика

**YMANBEKOVA N.Y.**
[1]Kyrgyz-Turkish Manas University, Master's student Institute of Social Sciences
Bishkek, Kyrgyz Republic
1950y01001@manas.edu.kg

# XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН КЫРГЫЗСТАНГА КӨЧҮРҮП КЕЛҮҮ ЖАНА ЖАЙГАШТЫРУУ САЯСАТЫ СТОЛЫПИНДИН РЕФОРМАСЫНЫН МИСАЛЫНДА

# ПОЛИТИКА ПЕРЕСЕЛЕНИЯ И РАССЕЛЕНИЯ РОССИЙСКОЙ ИМПЕРИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ В НАЧАЛЕ XX ВЕКА НА ПРИМЕРЕ СТОЛЫПИНСКОЙ РЕФОРМЫ

# MİGRATİON AND RESETTLEMENT POLİCY OF THE RUSSİAN EMPİRE İN KYRGYZSTAN İN THE BEGİNNİNG OF XX CENTURY ON THE EXAMPLE OF THE STOLYPIN REFORM

*1906-жылы Россия империясынын Министрлер кабинетинин төрагасы П.А.Столыпин тарабынан империядагы жана анын колониялык ээликтериндеги жер маселелерин чечүүгө багытталган агрардык реформа иштелип чыккан. Реформа Россия империясынын тарыхында өлкөнүн бардык территориясын камтыган, пландуу ири реформа болгондуктан Кыргызстанга таасирин тийгизбей койгон эмес. Макалада Столыпиндин агрардык реформасынын Кыргызстандын түндүк аймактарында жүргүзүлүшү жана жыйынтыктары каралган.*

***Өзөк сөздөр:*** *XX кылымдын башы, Столыпиндин агрардык реформасы, Кыргызстандын түндүгү, Келгиндерди жайгаштыруу башкармалыгы, жер маселелери.*

*Председатель Кабинета Министров Российской империи П.А.Столыпин разработал аграрную реформу, направленную на решение земельных вопросов в империи и ее колониальных территориях. Реформа коснулась Кыргызстана, поскольку это была крупнейшая запланированная реформа в истории Российской империи, охватывающая всю территорию страны. В статье рассматриваются реализация и результаты аграрной реформы в северных регионах Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *Начало XX века, Столыпинские аграрные реформы, Севера Кыргызстана, Переселенческое управление, земельные вопросы.*

*The Chairman of the Cabinet of Ministers of the Russian Empire P.A. Stolypin developed an agrarian reform aimed at solving land issues in the empire and its colonial territories. The reform affected Kyrgyzstan, as it was the largest planned reform in the history of the Russian Empire, covering the entire territory of the country. The article examines the implementation and results of the agrarian reform in the northern regions of Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *The beginning of the XX century, Stolypin agrarian reforms, North of Kyrgyzstan, Resettlement Administration, land issues.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кыргызстандын түндүк аймагы жарым кылым (1867-1917-жж.) Россия империясынын колониясы болгон. Император тарабынан кабыл алынган ар бир буйрук, токтом же реформа түз жана кыйыр түрдө Орто Азияга анын ичинен Кыргызстанга таасирин тийгизип турган. Жети-Суу облусунда алгачкы орус кыштагы 1831-жылы [13. 192-б.], ал эми Кыргызстандын территориясында 1874-жылы Түркстандын генерал-губернатору К.П.Кауфмандын буйругу менен Кара-Балтада түптөлгөн [1. 221-б.]. Натыйжада келгин дыйкандарды жер менен камсыз кылуу маселеси Столыпиндин агрардык реформасы жарыялангандан алда канча мурда пайда болгондугун көрүүгө болот.

Россия империясынын тарыхындагы маанилүү окуялардын бири 1861-жылы император Александр II нин буйругу менен крепостнойлук укуктун жоюлушу болуп эсептелет. Анын негизинде 30 миллиондон ашуун дыйкандар эркиндикке ээ болушкан. Бирок крепостнойлук укуктун жоюлушу деле империядагы агрардык маселени чече албай, абал курч бойдон кала берген [9. 180-б.]. Жер негизги көйгөйгө айланып, өлкөдөгү туруксуздук жана социалдык-экономикалык оор кырдаалдан улам көптөгөн орус дыйкандары жер которууга аргасыз болушкан. 1902-жылы январь айында император Николай II нин көрсөтмөсүнүн негизинде атайын комиссия түзүлүп, жерге муктаж болгон орус дыйкандарын жер менен камсыз кылуу үчүн долбоор иштелип чыккан. Ага ылайык дыйкандарга менчик жер берүү, аларды Россия империясынын Сибирь, Орто Азия сыяктуу алыскы аймактарына көчүрүү сыяктуу манилүү маселелер талкууланган [5. 36-б.].

Дыйкандардын алыскы аймактарга көчүрүү процесси айрыкча Столыпиндин агрардык реформасы жарыялангандан тартып кыйла өсө баштаган. П.А.Столыпин императордун сунушу менен Министрлер кабинетинин төрагалык кызматына дайындалгандан кийин 1906-жылы 9-ноябрда өлкөдөгү жер маселесин чечүүгө багытталган агрардык реформаны жарыялаган [3. 13-б.]. Ушул эле күнү Мамлекеттик Думанын кеңешмесин күтпөстөн, императордун буйругунун негизинде 1893-жылы кабыл алынган жеке менчикке кол тийбестик мыйзамын алып салган [14. 31-б.]. Столыпиндин агрардык реформасынын негизги максаты жеке менчикке негизделген дыйкан чарбасын түзүү жана жерге болгон муктаждыкты алыскы аймактардагы бош жерлерге дыйкандарды көчүрүүнүн негизинде чечүү болгон. Реформанын негизинде жер талап кылган дыйкандар Уралга, Сибирге жана Орто Азияга күч менен көчүрүлө баштаган [9. 219-б.]. Натыйжада Столыпиндин аракеттеринен улам империяда өтө жогорку темптеги ички миграция башталган.

Алгачкы мезгилдерде орус, украин, немец жана башка ушул сыяктуу келгиндерди жайгаштыруу иштерин жергиликтүү администрациялык бийлик ишке ашырган. Түркстанда анын ичинен Жети-Суу облусунда келгиндердин көбөйүшүнө байланыштуу Келгиндер башкармалыгы түзүлгөн. 1907-жылы кабыл алынган «Кыргыздарды жерге жайгаштыруу» жана 1908-жылы «Жети-Сууну колониялаштыруунун тартиби жөнүндөгү» токтом чыккандан кийин Келгиндер башкармалыгынын таасири мурдагыдан дагы күчөгөн. Жогорудагы токтомдордун негизинде көчмөн элдер жайгашкан жерлер мамлекеттик менчик деп жарыяланып, алардын жер ээликтеринен өлкөнүн керектөөлөрү үчүн алуу маселеси каралган. Ал эми Түркстан генерал-губернаторлугуна казынанын эсебинен көчүп келген дыйкандарга жерди жеке менчик катары берүүгө уруксат берилген [5. 36-б.].

Агрардык реформанын мурда жүргүзүлгөн жер саясатынан өзгөчөлүктөрү бар. «*Ашыкча*» деп саналган жерлерди мамлекетке алуу жана жерди арендага берүү иштери башталган. Анын себеби резервдеги жерлердин бардыгы келгин дыйкандарга берилип бүткөндүгү менен түшүндүрүүгө болот. Ошондой эле Келгиндерди жайгаштыруу башкармалыгынын чиновниктери тарабынан бир катар мыйзам бузууларга жана коррупциялык иштерге жол берилген. Колунда бар дыйкандар өз үлүштөрүн мамлекеттик жерлердин эсебинен кеңейтүүгө аракет жасашкан. Ошондон улам жаңы көчүп келгендерге үлүш жер бөлүп берүү кечиктирилген. Мисалы сенатор К.К.Пален өзүнүн отчетторунда төмөндөгүдөй цифраларды мисал келтирген. Жети-Суу облусу боюнча 1902-жылы 16 миң, 1905-жылы 23 миң, 1908-жылы 30 миң үй-бүлөгө үлүштөрү берилбей жерсиз калышкан [10.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

312-б.]. Натыйжада борбордук бийлик жергиликтүү администрациядан «ашыкча» жерлерди табууну талап кылган. Жогорудагы маселелерди чечүү үчүн 1909-жылы экономист П.П.Румянцев жетектеген атайын статистикалык отряд түзүлгөн. Алардын милдети үйлөрдү кыдырып, тиешелүү жердин аянтын, мал-жандыгынын санын, үй-бүлөнүн бюджетин изилдеп, орточо эсеп менен бир үй-бүлөнүн керектөөсүн тактап, ашыкча жерлерди алуу болгон [5. 37-б.]. Отряддын эсеби боюнча 1913-жылга чейин Пишпек уездинен бардыгы болуп 651 77364 теше жер келгин орус дыйкандарына алынып берилген [14. 285-б.].

Кыргызстан жана Казакстандын аймагына көчүп келген дыйкандар үчүн Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана райондору түзүлүп, алар ичинен Анжиян, Наманган, Кокон, Ош, Маргалаң, Нарын, Олуя-Ата, Пишпек, Пржевальск сыяктуу кичи райондорго бөлүнгөн. Ар бир кичи район кесипкөй агроном, топограф, жер ченегич статисттер менен камсыз кылынган. Бардык үй-бүлөлөрдүн социалдык-экономикалык абалы кылдат иликтөөгө алынгандыгына карабастан чыр-чатактар арбып, Келгиндерди жайгаштыруу башкармалыгына нааразычылыктар көбөйгөн [5. 38-б.].

Шабдан Жантай уулу, Дүр Сооромбаев сыяктуу кыргыздардын таасирдүү өкүлдөрүнөн бир катар арыз-даттануулар келип түшкөндүгүн архивдик маалыматтар далилдейт. 1905-жылы Шабдан Жантай уулу Россиянын Министрлер кабинетинин төрагасы П.А.Столыпинге Жети-Суудагы мусулман калктардын атынан 11 пункттан турган петиция жиберген. Бул кайрылууда империялык бийликтин мүчүлүштүктөрүн белгилеп, өз алдынча мусулман кеңешин түзүп, жергиликтүү калкты башкарууну, соттук жана мыйзам чыгаруу иштерин өздөрүнө ыйгарууну талап кылышкан. Ошондой эле агартуу тармагына да кайрылышып мусулман балдар үчүн мектеп, медресе, мечит ачып, өз тилинде газета, китеп чыгаруу укугуна ээ болуусун, орус-тузем мектептеринде христиан дининин ордуна мусулманчылыктын таалимдерин окутуулусун суранышкан. Эң маанилүүсү жергиликтүү жетекчилерден да мыйзам чыгаруу иштерине катыштырууну, жерге, жеке менчикке жана башкаруу кызматтарына ээ болууда тең укуктуулуктун сакталышын талап кылган маанилүү кайрылуу жөнөтүшкөн [15. 2,4-бб.].

1914-жылы март айында Башкаруу Сенатына Пишпек уездинин Качкын волостунда жашаган кыргыздардын өкүлдөрү Мырзабек Дыйканбаев жана Молдобай Айбашовдон арыз келип түшкөн. Алар жазган арыздарында Пишпек Убактылуу Комиссиясынын 1912-жылы 12-июнда чыгарган токтомунун жана 1913-жылы 5-январда жарыяланган №286 указынын чечимин туура эмес экендигин билдиришкен. Алардын арыздарында негизинен төрт маселе коюлуп, негизги көйгөй жер экендигин дароо байкоого болот. Өз жерлеринде орус кыштактарынын пайда болуусуна каршы эместиктерин, тескерисинче Россиядан келген келгиндерге жерлерин ижарага берүү менен аларга көмөктөшүп жатышкандыгын билдиришкен. Алардын нааразы болуп жаткандыгынын негизги себептеринин бири байыртадан өздөрү жашап, тиричилигин өткөрүп келе жаткан жерлерин тарттырып жиберүүсү болгон. *«Биздин каалобуз дал ошол келгиндерге берилип жаткан жерлерге өзүбүз жерлешип отуруктаашуу. Анткени көрүнүп тургандай мыкты жана мурдатан эле текши иштетилип келген жерлер. Мында биздин айдоо жерлерибиз, бакчаларыбыз, бак-дарактар жана жашоого ылайыкташкан чарба курулуштарыбыз жайгашкан. Биздин ал жерлерге канчалык деңгээлде ээлик кылаарыбызды биздин бакчаларыбыз жана ал жердеги бүт айланага тигилген 40-50 жылдык бак-дарактар далилдей алат деп белгилешкен.* [11. 3,5-бб.]*»* Ошондой эле алар 1909-жылы 9-июнда Министрлер Кеңешинин 125-беренесинде жана 24-ноябрда Жети-Суу облусунун Мамлекеттик Жер фондусун инструкциясынын 10-беренесинде көрсөтүлгөндөй алар көчмөн абалда жашаса да ал жерлерге ээлик кылууга толук түрдө укуктары бар экендигин белгилешкен. Облус Башкармалыгы бул жерлерди тартып алуу менен Жогорку Жоболордун жарлыгынын 125-беренесин жана Министрлер Кеңешинин эрежелерин талашсыз түрдө бузуп жатат деп жазышкан.

Ошондой эле архивдик документтен жер маселеси менен алектенген жергиликтүү чиновниктер боюнча маалымат алууга болот. Жети-Суу облусунун Келгиндерди жайгаштыруу башкармалыгынын башчысы С.Н.Велецкий, Пишпек Уездинин Жетекчиси

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

полковник П.Н.Затинщиков, Салык Инспектору А.М.Славгородский, Пишпек Токой башкармалыгынын башчысы И.В.Царунов, Нарын районунун башчысы В.П.Богушевич жана Өндүрүүчүлөрдүн ага кызматкери (агроном) В.П.Мазуренко болушкан [12. 12,14-бб]. Айрыкча В.П.Мазуренко жаңы жерлерди өздөштүрүү жана бөлүштүрүү иштерине активдүү катышкандыгын 1914-жылы Алматыда басылып чыккан “Климатический очерк Семиреченской области” эмгегинде көрсөтүлөт. Бул отчеттук эмгекте жалпы облустун климаттык өзгөчөлүгү, мүмкүнчүлүгү боюнча маалыматтар камтылган [7. 4,5-бб.].

Жогорудагы архивдик документте келтирилген 125-берене боюнча кийинчерек белгилүү саясий ишмер Жусуп Абдрахманов дагы өзүнүн күндөлүгүндө жазган. *«Келгиндер уюмунун жерге орноштуруу иштери алгачкы жылдарда эле кыргыз чарбаларын кысталыш абалга калтырган. Талаа жерлерин башкаруу жобосунун 125-беренесине карабастан, кыргыздарды жаман жерлерге куул чыгып, ошол эле убакта алардын асыл жерлерин тартып алуу учурлары болгон. Иш 1909-1911-жылдары жөнгө салынган, бирок ал кезде оңдоого болбос көп иш жасалып калган эле...* [1. 223-б.]». Келгиндерди жайгаштыруу башкармалыгынын өкүлдөрү жерлерди бөлүштүрүүдө жергиликтүү элдердин жерлерди жана жайыттарды колдонуу өзгөчөлүгүн эске албагандыгы ачык көрүнүп турат. Себеби эл жайлоого кеткен учурда, жаздык, күздүк жерлери «ашыкча» жер катары эсептелип, келгин дыйкандарга берилип кеткен. Ал эми жайлоо, күздөө, кыштоо жана жаздоо деп төрт мезгилдик көчүү циклын сактоо көчмөн жана жарым көчмөн элдердин жерлерди эффективдүү колдонуунун негизги жолу болгон.

XX кылымдын башында деле жергиликтүү калктын жашоо турмушунда мал чарбачылык мурдагыдай эле маанилүү ролду ойногондуктан жогоруда айтылган көчүү циклдары сакталган. Айрыкча тоолуу түндүк аймактарда малчылык менен алектенүү чарбачылыктын негизин түзгөн. П.Румянцевдин маалыматы боюнча Пишпек уездинде жергиликтүү калктын 84,8% ы, Пржевальск уездинде, Кетмен-Төбө жана Чаткалда калктын 84,7 % мал чарбачылыгы менен алектенгенин көрүүгө болот [8. 350-б]. 1898-жылдагы маалыматтар боюнча Пишпек жана Пржевльск уездеринде жашаган жергиликтүү калктын колунда 2 132106 кой, 289 464 жылкы, 180 209 ири мүйүздүү мал, 38 639 төө болгон [17. 59-б.]. Бара-бара мал чарбачылыгы өзгөрүүлөргө учурап, отурукташуу процесси менен бирге жаңы багыттар өнүгө баштаган. Столыпиндик реформа жылдарында мал чарбачылыгында соодо багаты жандангандыгын көрүүгө болот. Анын себеби жайыт жерлер тарый баштагандыктан мурдагыдай көп сандаган мал кармоодо кыйынчылыктар жаралган. Ошондой эле келгин дыйкандардын таасиринен айдоо аянттары кеңейе баштаган эле. Статистикалык маалыматтарга караганда 1870-жылга карата Ысык-Көл уезди боюнча 54 111 кой, 70 жылкы сатылса, 1912-жылга карата 835 215 кой, 30 120 жылкы, 11 680 ири мүйүздүү жандык, 509 төө сатылган [2. 58-б.].

Кыргызстандын аймагында XX кылымдын башынан тартып патриархалдык-феодалдык мамилелер начарлап, прогрессивдүү капиталисттик өнүгүүнүн негиздери жайыла баштаган. Бул идеологияны ишке ашыруу П.А.Столыпиндин Россия империясынын өкмөтүн жетектеп турган жылдары (1906-1911-жж.) терең маани берилип, активдүү түрдө ар тараптан өнүгө баштаган. Столыпиндин агрардык реформасынын негизги максаты жер-жерлерде өнүккөн, көз карандысыз дыйкандардын катмарын түзүү болгон. Ошондуктан реформада жеке секторго өзгөчө маани берилген. Совет доорунда Столыпиндин аракеттери ашынган капиталисттик маанайда сүрөттөлүп, катуу сынга алынып келген [6. 325-б.]. Кыргызстандын тарыхында бул агрардык реформа 1916-жылдагы Үркүн окуясынын карамагында гана изилденип келет. Окуянын келип чыгуусунун негизги себеби жер маселеси экендигин жана ал Столыпиндин реформасы ишке аша баштагандан тартып кыйла татаалдай баштагандыгын жазып келишет [18, 19]. Чындыгында боштондук кыймылдын келип чыгуусунун бирден-бир себептери жер маселеси экендиги талашсыз. Жогоруда жерлерин тарттырып жиберип, арызданган Мырзабек Дыйканбаев 1916-жылы окуяга активдүү катышкан инсандардын бири экендигин көрүүгө болот. Тарыхчы Р.Жолдошев изилдөөлөрүндө төмөндөгүдөй фактыларды келтирген. «Архивдик документтерде Чүйдөгү уруштарда Жумгалдан Мырзабек Дыйканбай

уулу, Көкүмбай Чыны уулу жана Курман Лепес уулу баштаган эл башчылары Канаат хан менен бирге болгондугу берилет. Жумгал болушунан Исмаил Көкүмбай уулу, Курманкожо болуштугунан Курман Лепесов, Токтогон, Кара-Кече (Кулжыгач) болушунан Зарбат Байзак уулу, Черикчи болуштугунан Мырзабек Дыйканбаев, Суусамыр болуштугунан Биялы Максымов жана Түркмөн Сарыпбек уулу ж.б. катышып көтөрүлүштү колдошкон.»[4] Ошондой эле Р.Жолдошев Үркүн мезгилинде манаптардын аракеттерин 3 топко бөлүп карап, 2-топту көтөрүлүш маалында бейтараптыкты кармап, орустар менен согушпай, ал эми орустардын жазалоочу аскер отряддары келгенде, алар менен ымала түзүүгө аракеттенишкен манаптар түзөөрүн, Мырзабек Дыйканбаев дагы ушул багыттагы саясатты колдогондугун белгилеген.

Столыпиндин агрардык реформасы кыргыздардын коомдук, экономикалык турмушуна өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Себеби бул реформа Россия империясынын тарыхында алгачкы жолу бардык империянын территориясын камтыган, пландаштырылган жана ар тараптуу ири реформа болуп эсепелет. Ошондуктан Столыпиндин агрардык реформасын Кыргызстандын тарыхында «Үркүн» темасынын алкагында гана карабастан, анын саясий, өзгөчө социалдык-экономикалык себептерин жана таасирлерин ар тараптан терең талдоо зарылчылыгы турат.

## Адабияттар тизмеси


1. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину [Текст] / Ю.Абдрахманов / Авт.вступ.ст Джунушалиев Дж. Семенов И.Е; - Ф.: 1991. -320с.
2. Айтбаев М.Т. Историко-культурные связи киргизского и русского народов (под материалам Иссык-Кульской области Киргизской ССР) [Текст] / М.Т.Айтбаев. –Фрунзе: 1957.
3. Дубровский С. Столыпинская реформа. Капитализация сельского хозяйства в XX веке [Текст] / С.Дубровский. – Ленинград: Рабочее издательство “Прибой”, 1925. - 302 с.
4. Жолдошев Р. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн жетекчилери жана кыргыз манаптарынын орду [Электрондук ресурс] Кирүү режими: http://www.bizdin.kg/static/media/pdf/1916-zhyldagy-kotorulushtun-zhetekchileri-zhana-kyrgyz-manaptarynyn-ordu.pdf.
5. Кыргызстандын тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин. 3 томдук. III т. XX к. жана XXI к. башы (1990-2016-жж.) [Текст] / КР УИА Тарых жана маданий мурас институту // Башкы ред.кеңеш: А.Джуманалиев (төрага) ж.б. – Б.: “Кут-Бер”, 2016. - 816 б.
6. Ленин В.И. Полное собрание сочинений [Текст] / В.И.Ленин // Т.20., Арех А. Столыпин и судьбы реформ в России. –М.: Политиздат, 1991.
7. Мазуренко В.П.Климатический очерк Семиречинской области. Отчет о метеорологических наблюдениях с 1906 по 1914 гг. [Текст] / В.П.Мазуренко. – Верный: 1914.
8. Материалы по обследованию туземного и русского старожильческого хозяйства и землепользование в Семиреченской области [Текст] / Т.7. Пишпекский уезд. Киргизское хозяйство. - Выпуск.1. - Петроград: 1916.
9. Орлов С. История России [Текст] / С.Орлов, В.Георгиев, Н.Георгиева, Т.Сивохина. —М.: 2004.
10. Пален К.К. Отчет по ревизии Туркестанского края, произведенной по высочайшему повелению сенатором-гофмейстером графом К.К. Паленом. Переселенческое дело в Туркестан [Текст] / К.К.Пален. – СПб.:Сенатская типография, 1910.
11. Российский государственный исторический архив (РГИА). Ф.1344. Оп.286. Д.1176. Л. 3-5 об.
12. РГИА. Ф.1344. Оп. 286. Д.1176. Л. 12-14.
13. Румянцев П.П. Условия колонизации Семиречья [Текст] П.П.Румянцев // Вопросы колонизации. – 1911. – № 9.
14. Румянцев П.П. Уезды Жети-Су [Текст] / П.П.Румянцев. – Алматы.: Жалын, 2000.

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

15. Сапаралев Д.Б. Шабдан баатыр баскан жол [Текст] / Д.Б.Сапаралиев // Кутбилим. 2016. №6. - Июнь.

16. Снитковский В. Столыпин без маски [Текст] / В.Снитковский. – М.: 1991.

17. Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов [Текст]: Вторая половина XIX-начало XX вв. / К.У.Усенбаев. – Ф.: 1980.

18. Кененсариев Т. 1916-жылкы Улуу көтөрүлүштүн өбөлгөлөрү жана себептери [Текст] / Т.Кененсариев. // АкиПресс, 2016-ж, 19-июль.

19. Махмутбекова.М. Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүш [Текст] / М.Махмутбекова. –Б.: 1996.